DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Анарбаева Д.М., Бакирова Э.У.*

## ЖАШТАРДЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Анарбаева Д.М., Бакирова Э.У.*

## ПРОБЛЕМЫ МОЛОДЕЖИ

*D.M. Anarbaeva, E.U. Bakirova*

## THE PROBLEMS OF YOUTH

*УДК: 32.323*

*Бул макалада бардык коомдогу жаштардын көйгөйү тууралуу баяндалат. Жөн жай айтылбаса керек, «келечек жаштардын колунда» деп. Чынында, жаш муун – бул бардык өлкөнүн келечеги эмеспи. Бул нерсеге карабастан, мамлекеттин саясаты ушул калктын катмарынын колдоосуна жана өнүгүсүнө сейрек багытталган. Азыркы коомдун жаштарынын ролу кандай? Биринчи ирээтте өсүп келе жаткан муундун негизги маселеси – туулган өлкөсүнө татыктуу жаран болуу. Көп өлкөлөрдөгү адамдар кандайдыр бир маселелерди чечүү зарыл болуп калганда, өкмөттүн жардамын күтүп отура бербестен өздөрү чогуу аракеттенүүгө тийиш экендигин жакшы түшүнүшөт. Демилгени колго алуу менен алар жарандык коомдун турмушуна активдүү катышат. Демократиянынургалдуу өнүгүшү жана иштеп кетиши үчүн эн эле зарыл факторлордун бири – бул жарандык коомдун активдүүлүгү.*

***Негизги сөздөр:** көйгөй, жарандык коом, мамлекет, жаштар, жүрүм-турум, маданият, кылмыш, тарбия, саясат.*

*В этой статье затронуты проблемы молодежи. В этой статье повествуется о существующих проблемах молодежи каждого общества. Не зря говорят, что «будущее в руках молодежи». Ведь именно молодое поколение – это будущее любой страны. Несмотря на это, политика государства редко направлена на поддержание и развитие этой прослойки населения. Какова же роль молодежи в современном обществе? В первую очередь главная задача подрастающего поколения - стать достойными гражданами той страны, в которой они родились. Во многих странах люди понимают, что при необходимости решить какую-либо проблему им самим следует собраться вместе и что-то сделать своими усилиями, а не ждать какой-то помощи от правительства. Взяв инициативу в свои руки, они участвуют в деятельности гражданского общества. Одним из наиболее важных факторов успешного развития и функционирования демократии является активное гражданское общество.*

***Ключевые слова:** проблема, гражданское общество, государство, молодежь, поведение, культура, преступление, воспитание, политика.*

*In this article is given the existing problems of young people in every society. No wonder they say that the future is in the hands of youth. After all, it is the young generation that is the future of any country. Despite this, the policy of the state is rarely aimed at maintaining and developing this stratum of the population. What is the role of youth in modern society? First of all, the main task of the younger generation is to become worthy citizens of the country in which they were born. In many countries, people understand that if it is necessary to solve any problem, they themselves should get together and do something with their own efforts, and not wait for some kind of help from the government. Taking the initiative into their own hands they participate in the activities of civil society. One of the most important factors for the successful development and functioning of democracy is an active civil society.*

***Key words:** problem, civil society, state, youth, behavior, culture, crime, upbringing, politics.*

Жаштар бул – өлкөнүн эң маанилүү ресурсу болуп эсептелет. Эл арасында «жаштар биздин келечегибиз» деп айтылып жүргөн сөз бар. Чындыгында жаштар биздин келечегибиз. Андыктан жаштарга туура багыт көрсөтүү ар бир улуу муундун милдети. Айтор бүгүнкү күндө жаштарыбыз батышты туурап, чыгышты эрчип кыргыз экенин унутуп баратат деген улуу муундун өкүлдөрү сурап келсен чекеден чыгат. Бирок жаштарды жөн жеринен күнөөлөгөн туура эмес. Бүгүнкү күндө жаштардын өлкөбүздө болуп жаткан окуяларга кызыгуусу улууларга караганда көбүрөөк маалыматка ээ экендиги талашсыз. Жаштардын бүгүнкү күндө жасап жаткан иштери өлкөсүнүн келечегине кошкон салымы. Качан гана биз жаштар бир женден кол, бир жакадан баш чыгарып бирдиктүү иш алып барсак коомго чоң өзгөрүүнү алып келүүбүзгө ишенем. Ошондуктан биз жаштар убактыбызды туура жерге сарптап коомдо лидерлик ишмердүүлүгүбүздү туура пайдаланышыбыз абзел.

*«Жаштар биздин келечегибиз» деп куру ураан кылып жогорку жана кадыресе трибуналардан көп эле сайрап жүрөбүз. Бирок, тилекке каршы, жаш муундун чыныгы абалы, коомубуздун түп-тамырынан бери жаңылануу жолунда алардын аң-сезиминин, баалуулуктарынын өзгөрүү багыттары каякты көздөй бара жатат деген сыяктуу суроолорго жооп издөө көз жаздымда калып келет. Ушул тапта республикада жаштар маселеси менен алектенген бир да илимий мекеме түгүл, кичинекей кафедра же лаборатория да жок. Жаштар чөйрөсүндө болуп жаткан процесстерди эч ким так билбейт, себеби илимий изилдөөлөр өтө аз. Мына ушундай шартта мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүү ылай суудан балык кармоого жасаган аракеттей эле сезилет.* Айрым адистердин айтымында акыркы кездерде дүйнөлөшүү процесси, илимий-техникалык революциялар жана массалык маданияттын таасири улуу муун менен кичүү муундун ортосундагы ажырымды тереңдетип жатат. Жаш муундун өкүлдөрүнүн айтымында, интернет сыяктуу заманбап маалымат булактары аркылуу жаштар сабатын тез эле жоюп алышкандык-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



тан, эскиче ойлонгон улуу муундун адамдары алардын ойлору менен эсептешиши керек. Ал эми бир катар улуу муундун өкүлдөрү жаштардан уят-сыйыт кеткендигин, улууну урматтоо, сыйлоо калбай баратканын айтышат.

Адистер муундардын келишпестиги илгертен келаткан салттуу көрүнүш экендигин, аны кадыресе нерсе катары кабыл алуу керектигин айтышат. Бирок, соңку кездерде интернеттин пайда болушу, дүйнөлөшүү процессинин таасири, батыш маданиятынын үлгүсүндөгү массалык маданияттын жайылып баратышы улуттук салтты катуу карманган улуу муун менен компьютердин маңдайында өсүп бараткан интернет муундун ортосундагы ажырымды тереңдетип жиберди деген пикир күч. Жаштардын кээ бир өкүлдөрү кыргыздын айрым көнүмүш адаттары, салттары таптакыр эскирип бүткөндүгүн, жаңыча жашоого, жаңыча ойлонууга мезгил келип жеткенин айтышат. Ошол эле убакта улуу муундун өкүлдөрү жаштардын улууларды укпай, тил албай, айтканын бербеген өзүмчүл болуп баратышканын баса белгилешет. Эксперттердин айтымында, Кыргызстанда эле эмес бүтүн дүйнөдө жаштар саясаты жакшы өнүкпөгөн. Андан калса жаштар өздөрүнүн ар түрдүү демилгелери, ой-жүгүртүүлөрү, жаңыча ачылыштарды жасагандыктары менен мурункулардан өзгөчөлөнүп турат. Эң башкысы азыркы жаштарда тайманбастык менен өз оюн жеткиликтүү түшүндүрө алганы келечекке кайдыгер эместиктерин сездирип турат. Анткени, эң башкы себептердин дагы бири – бул бала менен ата-эненин ортосундагы байланыштын жоктугу. Баласы сабагын окуп атабы, тапшырмасын аткардыбы, адабий китеп окуйбу, окубайбы ата-энелерди бул маселе кызыктырбай калган. Ата-энелерди “малды алып келдиңби, дүкөндөн канча түштү?” деген нерселер кызыктырат. Эптеп эле үй жумушуна жардам берсе болду. Алар келечекте кандай адам болуп чыгат, эч ким ойлонгусу жок. Алар балдарынын тагдырына кайдыгер сыяктуу. Жакында эле экс-президент Роза Отунбаеванын демилгеси менен ушул көйгөй талкга алынып, китеп окуу күнү өткөрүлдү. Мен ушундай иш чараларды колдойм. Ар бир үйбүлө баласына кичинекейинен китеп окуп берип, кийин өзү окуганын адатка айлантса, балдарынын келечеги үчүн чоң салым болмок. Китеп сүйгөн окуучу жаман адам болбойт.

Бүгүн биз коомдогу терс көрүнүштөрдү айтууга ооп кеттик, аларды саймедиреп жүрүп, алардан чыгуунун жолдорун көрсөтө албай жатабыз. Биз ар кандай көрүнүштөн позитивди, жакшылыкты издешибиз керек. Бүгүнкү коомубузда көпчүлүк жаштарды билимсиз, маданиятсыз деген түшүнүк басымдуулук кылат. Бирок ар күнүн жаштар менен өткөргөн, алар менен жакындан мамиле кылган адам катары айтар элем, бүгүнкү жаштар андай эмес, өзгөчө ыйманга ооп, адамдык мамиле, улутту сүйүү, улуттук маданиятка астейдил мамиле кылган, улуттун көрөңгөсүн көтөрө турган, сергек жана дилгир жаштар өсүп келатат. Балким, советтер союзунда тарбияланган бизден айырмаланып, бир топ эл аралык тилдерде сүйлөгөн, бири-бири менен мамиледе улуттук нарк-насилди алып жүргөн, улуттук маданиятты сүйгөн жаштардын тобу бар экенин мен көрүп турам. Ушул көрүнүш мамлекетибиздин өнүгүүсүнө чоң өбөлгө түзө турган жаңы муун келатканынан кабар берет.

Мустафа Кемаль Ататүрктүн ушул жерде дагы бир сөзү эске түшөт: «ойлонбогон, башын ийген инсандардан, ойлонбогон башын ийген коом түзүлөт, ал коомдон да ойлонбогон, башын ийген башчы чыгат» деген. Бизге да ойлонуу жөндөмдүүлүгү өскөн, башканын пикирине көз каранды болбой, өз алдынча проблема чече алган, чыгармачыл ойлонгон, өз оюн айтып түшүндүрө ала турган сөз байлыгына ээ, өз алдынча окуп үйрөнүү жөндөмү болгон, проблеманы көрө билген, окуяны, абалды анализдей алуу күчүнө ээ, максаттуу, турмуштан эмне каалаганын билген, башкаларга суктанганды же жетишпестик комплексине киргенди коюп, өз күчүнө ишенген жаштарды, атуулдарды тарбиялоо зарыл. Ушуга жараша улуттук идеология да келип чыгат же тескерисинче, улуттук идеология менен билим берүүнүн максаты дал келиши маанилүү. Учурда коомго чыгармачыл ойлоно алган, ар түрдүү кырдаалга ылайык маселелерди чече билүү жөндөмүнө ээ кесип ээлери керек. Билим берүүнүн максатын белгилеп алгандан кийин ар бир предметтин максаты ошол жалпы максатка ылайык болгондой кылып, балким мазмунун өзгөртүп түзүү зарыл. Бул үчүн жогорку окуу жайлардын мугалимдери арасында анкета жүргүзүүгө да болот. Экономикалык кыйынчылыкты ойлоп, бул иштерди кечиктирсек, келечегибиз бизди кечирбес. Себеби, азыр жаштар убактысын билим алууга, өз тажрыйбасын өркүндөтүүгө, чыгармачылыгын өстүрүүгө, дүйнө таанымын кеңейтүүгө коротуусу керек эмеспи. Тилекке каршы биздин өлкөдө жаштардын өзүн өнүктүрүүдөн көрө саясатка болгон аракеттери күчтөнүп жатканы өкүнүчтүү. Мунун бир себеби алардын баёолугун, табигый энөөлүгүн пайдаланган “саясатчы байкелер” жаштарды өздөрүнө окшогон популист, туруктуу позицияны кармана албаган инсан катары баштап жатышканы да чындык. Бүгүн Кыргызстандагы эң боор ооруй турган көрүнүштөрдүн бири да дал ушул жаштар маселеси. Улуу муундун жаштарды билимдүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялагандын ордуна үнсүз же болбосо сындап гана отургандыгында болууда. Элибизде башкы көч кайда барса, кийинкиси аны улайт деген жакшы сөз бар. Ага таяна турган болсок, келечегибиз деп жаткан жаштардын бүгүнкү абалынын оорлошуна улуу муундун түздөн-түз тиешеси бар

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



экендиги аныкталат. Күн эртеңки бүгүндөн баштап калыптанаарын баарыбыз жакшы билебиз. Жаштардын мамлекетке жана коомго пайда алып келиши үчүн алардын билим деңгээлин, потенциалын жогорулатуу зарылчылыгы турат. Бул маселелерди жөнгө салуу үчүн алардын көйгөйлөрүн угуп анан туура багыт берүү керек дешет эксперттер. Кыргызстанда 28 жашка чейинки жаш муундун өкүлдөрү 31% түзөт. Андыктан аларды түрдүү экстремисттик көз караштагы диний агымдардын өкүлдөрү жана ар кандай саясий күчтөр колдонууга аракет кылышат. Бирок өзүнүн мамлекетин сүйгөн ар бир жаш патриот акылэсин болгон күчүн өлкөнүн өнүгүүсү үчүн туура багытка буруп пайдаланышы зарыл дешет эксперттер.

Улуу муундар акыркы учурларда «жаштар бузулду, биз мындай эмес болчубуз» деп көп айтышат. Бирок бул боюнча моюнга алчу, албачу да жагы бар. Жаш муундун артыкчылыгы жана кемчиликтерине токтолуп кетсек.

*Кыргызча сүйлөөдөн уялышабы?*

Адегенде жаштардын биринчи кемчилиги өз эне тилине кайдыгер мамиле жасаганында. Жаштардын баарысы деп айтуу кыйын, бирок көпчүлүгү кыргыз тилинде сүйлөгөндөн уялабы же билишпейби белгисиз. Коомдук жайларда орус тилинде сүйлөгөнгө аракет кылышат. Улуу муундун айтымында, алар ССРБнын курамына болгондо да өз тилинен эч качан уялышкан эмес.

*Техникалык жөндөмдүүлүгү жогору.*

Азыркылар мурункуларга салыштырмалуу көп маалыматка ээ, заманбап техниканы бат эле үйрөнүп кетет.

*Жоопкерчиликсиз.*

Көп нерсеге маани бербейт. Улуу муундагылар эмнени укса ошону эреже катары кабыл алып, каршы чыгалбай аткарышчу.

*Ойлорун ачык билдирип, максатына жете билишет.*

Азыркы жаштар көк бет болушат. Бул албетте бир жагынан жакшы көрүнүш. Мурда ата-энелеринин сөзүнөн чыга албай «чабан болосуң» десе үн дебей чабан болушчу. Азыркылар өз оюн билдирип, эмнени каалаcа ошого умтулууга аркет кылып келишет.

*Өзүмчүл жаштар.*

Көп нерселерге көздөрүн жумуп коюшат. Өздөрүнө пайдалуу болсо гана ишти аткарышат.

*Баары бир күндө орундалса деп кыялданат*.

Улуу муундагылар сабырдуу, баары акырындык менен болот деген үмүт жашашкан. Жаштар болсо чыдамсыз, сабырсыз анан дагы туруксуз болот.

*Руханий байлыктын жоктугу.*

Мурунку муун китеп окуу жагынан алдына эч кимди салдырбаса, азыркылар интернетти пайдаланган жагынан алдыда.

*Дүйнө таанымы кенен.*

Жаштардын дүйнө таанымы, ой жүгүртүүсү, ойлоп табуусу жогорку деңгээлде.

*Өз көмөчүнө күл тарткандар.*

Азыркылар кайдыгер. «Заман ушундай болсо эмне кылабыз» деген сөздү көп колдонушат.

*Тууганчыл эмес.*

Улуу муун тууганчыл болушкан. Качанкы алты, жети атасы өткөн тууганадары менен карым-катнашта болуп келген. Жаштар алты, жетини мындай кой бир ата, бир энеден тарагандарды да бир туугандыктан кечип, киришип-чыгышпай калды.

*Мода деп улуу муундун кыжырын келтирет.*

Барган сайын ыймандан тайып баратат. Улуу, кичүүнү көзгө илбей улуу муундун кыжырын келтирет.

«Улууга урмат, кичүүгө ызат» деген сөз унутта калды.

Жөнөкөйлүк деген жакшы сапаттардын көз жаздымда калып баратканында.

Кээде баарыбызды келечек жөнүндө кыялданып жатып, төмөндөгүдөй ойлор чырмашы мүмкүн:

- Биз келечек үчүн кимдерди даярдап жатабыз?
- Келечек азыркы жаштардын колунда болсо, биз келечектен коопсузданбай эле койсок болобу?
- Келечек коомду ишенимдүү түрдө тапшырганга ылайык жаштар, кадрлар даярдалып жатабы?
- Жаштарыбыздын кыялдары эмнелер жана коомдун, элдин жүгүн аркалап кете алышабы?
- Жаштарга ишенип жашап жатабызбы же ишенбей жатабызбы?
- Ишенсек эмнеге жараша жана ишенбесек эмне үчүн ишенбей жатабыз? ж.б. ойлор, бул көрүнүш ар бир атуулду ойлонтуп келет.

Коомдогу эч нерсенин баалуулугунун кабыл алынбаганы, бардык нерсенин, анын ичинде кылымдар бою элибиз баалап келген элдик салттардын да баркы кеткени, физиологиялык керектөөлөрдүн алдыңкы планга чыкканы, б.а. тамак, курсагын тойгузуу, кийим кече, ал үчүн «эптеп» иш табуу, эмне үчүн жасап жатканын сурабай туруп эле, акча алуу максатында «жалданма пикетчи» болуп да «иштөө» сыяктуу коомго жат көрүнүштөргө өткөн жылы көп эле күбө болдук. Бул албетте пикетке чыкпасын дегендик эмес, албетте ар бир атуул өз укугун коргоого, талап кылууга милдеттүү жана акылуу, бирок ар-намысты бир жакка коюп, «жалданма болуу» эч нерсеге баа бербөө, туура же туура эмес иш кылып жатканы тууралуу өзүнө өзү сурабоо, коркунучтуу көрүнүш. Биздин коомдо ушунча көп ойлонбогон, оома, ар кимдин айтканына ишене берген, окуяны, абалды анализдөө көндүмүнө ээ болбогон, эмне кылып жатканына маани бербеген мекендештер бар экени өкүндүрөт. Учур-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



да жаштар арасында көбүнчө унчукпаган, б.а. «созулган», өз оюн айтуудан корккон, тартынчаак, эмне каалаганын билбеген, мажүрөө, жалкоо, кайсыл жактан оңой жашоого болот деп ойлонгон, экономикалык маселелер баарынан алдыда турганын гана ойлогондор абдан көп. Мурдагы коммунисттик идеология СССР тарагандан кийин коомдо мурункудай баркын, таасирин жоготту. Коомдо бир боштук, контролсуздук, кароосуздук менен бирге айласыздык сезимдери пайда болду. Азыр болсо ал боштук коомдо жаштардын арасында да кээ бир баалуулуктарды билбөөсүнө, кайдыгерликке, ал гана эмес Кыргыз болуп калуудан уялуу сезими менен жашоого, башкача айтканда жалпы депрессияга алып келди. Ушул бойдон кете берсе, эртеңки күнүбүз эмне болот? - деген сыяктуу ойлор коомдо инсандарды «улуттук бир идеология болбосо болбойт» деген бүтүмгө алып келди. Мурда да «Манастын жети осуяты» бир улуттук идеология катары мектеп программаларына киргизилип, окутулуп келди. Бирок, мугалимдердин кээ бири мунун маанисин так түшүнө же түшүндүрө албаганынан, же болбосо көп маани бербегенинен улам бул осуяттар жаштар арасында терең сиңе албады...

Биз келечек жөнүндө ой жүгүртүп жатып, эң жөнөкөйдөн, келечекте кимдер менен кошуна болоорубузду же кимдер менен, кандай инсандар менен иштей турганыбызды элестетсек, керектүү картина/сүрөт белгилүү болот. Азыркы айылдык мектептердеги жалпы абалды, мугалимдердин жетишсиздиги менен бирге, даярдыгы жетиштүү болбогон кадрларды, кесиби мугалим болбосо да мугалим болуп иштеп жаткандардын келечекке берген оң же терс таасирин, мектеп психологунун же мектептеги психолог-консультанттардын, окуу китептеринин жетишсиздиги сыяктуу проблемаларды алалы. Шаарда ата-энелер тарабынан каралбай калган балдар, көчө балдары – кароосуз калгандар, кайыр сурап жүргөнгө мажбур болгондор, майда-чүйдө уурдап жашоого мажбур болгон балдар, же көчөдөгү аларга каршы күч колдонууну башынан өткөзгөн балдар, (психологиялык же физиологиялык таяк жеген) ар бир нерсени акча менен гана баалагандар... эртеңки күндүн, 15, 20, 30 жылдан кийинки убакыттын чоң кишилери, жашоочулары болушат. Көбүнчө зордук зомбулукка баш ийип жашаган, сырттан да, телевидениеден да, газеталардан да ошондой кабарларды угуп, ошондой көрүнүштүн күбөсү болгон, азыркы жаш балдардын чоңойгондо толук кандуу, аң сезимдүү, маданияттуу, жоопкерчиликтүү инсан болооруна кантип кепил боло алабыз? Албетте, бул жерде бүт бардык мектептерди же коомубузду ушундай абалда дегенден алыспыз. Антсе да, мындай көрүнүш өлкөбүздө бар экени чындык жана муну көрмөксөн болууга акыбыз жок. Ушундай кыйынчылык менен бирге алдыңкы тажрыйбаларын таратып, жаштарыбызды бүтүндөй өлкө сыймыктана турган деңгээлде тарбиялап жаткан мектептерибиз, мугалимдерибиз, окуу жайларыбыз да аз эмес. Мындай көрүнүш албетте бизди сүйүнтөт. «Жаштарыбыздын аракетинен элибиздин үмүтү жогору. Бүгүнкү күндөгү саясий абал, диний агымдар, батышчылдык өз кучагына жаштарды тез азгырганы менен баары бир биздин жаштардан келечектин үмүтү жанып турат. Туура, ушул тапта жаштар өздөрүнүн терс жактарын, же болбосо түшүнбөстүктөн туура эмес аракеттерин көрсөтүп алып жатышкандыр. Бирок андай абалга кептелүүсү жаштардын эмес тескерисинче улуу муундун айыбы. Себеби биздин бүгүнкү улуу муун жаштарга туура багыт бере албай келүүдө. Ал тургай өздөрүнүн багытын туура таба алышпай жатат. Канткен күндө да келечектен үмүт жаштардын колунда», - деп ишенейли өтө тез өзгөрмөлүү заманда муундар ортосундагы ажырымдын тереңдеп кетпеши үчүн эң оболу улуулар жаштарга өрнөк болушу керек:

Каалайбызбы-каалабайбызбы бүгүнкү дүйнө ушунчалык динамикалуу, ушунчалык тездик менен өнүгүп атат. Ошондуктан эң негизги нерсе, улуу муундар өрнөктүү жүрүм-турумун жаштарга негиз катары тартуулаш керек. Бүгүнкү күндө улуу муундун өкүлдөрүнүн арасында жүрүм-туруму менен жаштарга үлгү болбой, терс жактары көрсөткөндөр бар. Албетте, бүгүнкү күндүн аябагандай маалыматтуу жаштары алардын терс жактарын көргөндө улуулугуна же алардын айткан сөздөрүнө маани бербей калышат.

**Адабияттар:**


1. Айтурганова Дж.Кыргызстандагы улуттук экономикалык маданият проблемасы. Международная конференция, 2011.
2. Аносов А.П. Проблемы молодежи. - М.: Инфра-М, 2007.
3. Баранов А.П. Социальная работа с молодежью. - М., 2009.
4. Васильева П.Р. Молодежная политика в России. - М., 2006.
5. Махмутова Н.Н. Молодежный рынок труда. - М., 2008.
6. Николаева П.П. Молодежь в социальном пространстве России. - М., 2008.
7. Николаева П.П. Молодежь в социальном пространстве России. - М., 2008. - С. 109.
8. Туруева Б.С., Анарбаева Д.М. Женщины и демократия. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2013. №. 6. С. 82-85.
9. Кожоназарова Ы.М. Социально-философский анализ проблемы молодежи. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 3. С. 183-185.